Бекитемин
ЖАКтын директору
_________ Турдубаева Б.М.
_____________ 2022-ж.

## Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин Жалал-Абад колледжинин социалдык өнөктөштөр менен иш алып бааруусу.

Жалал-Абад колледжинде социалдык өнөктөштөр менен иш алып баруу жана карьера боюнча окуу жайдын иш планы түзүлгөн жана бекитилген. Ар бир адистиктер боюнча потенциалдуу өнөктөштөрдү аныктоо жана алар менен иш алып баруу жолго коюлган. ЖАКта жалпы 32 потенциалдуу социалдык өнөктөштөрдүн электрондук базасы түзүлгөн. Социалдык өнөктөштөр менен төмөндөгүдөй иш чаралар өтүлдү:

-Бардык адистиктерде иш берүүчүлөр менен жолугушуу өтүп, окуу пландары, жалпы кесиптик билим берүү программалары, бүтүрүүчүнүн моделин, өндүрүштүк практиканын бардык түрүнүн жумушчу программалары жана жол карталары, жумуш берүүчүлөр тарабынан сунуш кылынган компетенттүүлүктөр талкууланды.Ошондой эле практикалардын жол карталарындагы студенттин жана мугалимдин милдеттерине жана өндүрүштүк жетекчилердин жол карталарына өзгөртүүлөр киргизилди. Өндүрүштүк жана квалификация алдындагы практикада студенттер өндүрүшкө жана ишкана, мекемелерге барып жумушчу орундарын таап, ишке жайгашып келүүдө. Ошондой эле иш берүүчүлөрдүн талап кылган компетенцияларына дал келген көндүмдөрдү үйрөнүп, ишкердик предметинен алган шыктарын ишке ашырууда.

ЖАКтын бардык бүтүрүүчүлөрүнөн регионалдык эмгек рыногунда суроо-талапты жана сунушту талдоо методологиясында көрсөтүлгөн формадагы анкеталар жыл аягында алынып турат.

Окуу жайда карьера борбору түзүлүп, алар дагы бир катар  соцалдык өнөктөштөр менен иш алып барууда. Иш берүүчүлөр менен окуу программаларына жаңылыктарды киргизүү жана тиешелүү компетенттүүлүктөрдү, окутуунун жыйынтыктарын иштеп чыгуу үчүн көптөгөн тиешелүү иш берүүчүлөр менен түрдүү форматтагы жолугушууларды өткөрүштү.

Жалал-Абад колледжиндеги 19 адистик боюнча 144төн  ашуун  мекеме-ишканалар менен келишимдер түзүлгөн жана шартка жараша бул келишимдердин санын дагы көбөйтүү дагы пландалууда.

Социалдык өнөктөштөр менен кызматташууда  иш-пландар түзүлдү:

-Иш берүүчүлөр тарабынан төмөндөгүдөй көмөк көрсөтүлө турган болду:

-Студенттердин өндүрүштүк, мамлекеттик практикаларын өтөөдө мекеме тарабынан мүмкүнчүлүктөрдүн жакшыртылышы, практиканын программаларын аткаруу үчүн керектүү шарттарды түзүү;

-Студенттердин окуу жайды аяктагандан кийин мүмкүн болушунча иш орундар менен камсыз болушу;

-Окуу жайдын практика жетекчилери тарабынан даярдалган  практиканын жумушчу  программаларына өндүрүш   жетекчилери тарабынан сунушталган ой-пикирлерди эске алуу;

-Эки тарап үчүн тең акуталдуу болгон багыттар боюнча биргелешкен конференцияларды жана семинарларды өткөрүүнү уюштуруу, ал иш-чарага окуу жайдын окутуучуларын  студенттерди, ошондой эле үчүнчү тарапты да катышууга тартуу;

-Жаш адистерди  мекеме-ишканада иштөөгө багытталган атайын программаларды ишке ашыруу;

-Жаш адистердин мекеме-ишканада  натыйжалуу ыңгайлашуусун уюштуруу;

-Жаш адистерди жогорку квалификациялуу адистердин жетекчилиги алдында стажировкадан өтүүнү уюштуруу;

-Практикага барган студенттер үчүн методикалык кабинеттерди уюштуруу.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекттик Жалал-Абад колледжинин №11/20 буйрутмасынын негизинде   “Алдыңкы тажрыйба борборунун эксперттик группасы “ жөнүндөгү жобонун негизинде төмөндөгүдөй  11 курамдагы   эксперттик группалар түзүлдү.Алардын  төртөө пилоттук,калган жетөө пилоттук эмес.Ар бир эксперттик группага  максат,милдеттери,аткарылуучу иштер жөнүндө маалыматтар отурумдарда  тааныштырылды.

Эксперттик группанын ишмердигинин максаты эмгек рыногунун жанан экономикалык талаптарды эске алуу менен орто кесиптик билим берүү программаларын сапаттуу ишке ашырууда АТБга көмөк көрсөтө билүүсү;

Негизги кесиптик билим берүү программасынын мазмунунун мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык келишин баалоо жана ишке ашуусун биргеликте алып чыгуу болуп саналат.Эксперттик группанын курамындагылар окуу жай менен мекеме-ишкананын ортосундагы иш-аракетти жөнгө салууда негизги орунду ээлейт.Анткени,биргелешип иштөөнүн жыйынтыгы,эң мыкты көрсөткүчтөргө алып барат. Эсперттик группалардын курамын түзүүдө гендердик баланс эсепке алынган.Эксперттик группанын төрагалары(төрайымдары) жана мүчөлөрү окуу жай менен мекеме-ишканалардын кызыкчылычтарын эске алып,студенттердин келишим түзүлгөн мекеме-ишканаларда өндүрүштүк,квалификациялык практикаларын өтөөгө жана эмгек рыногунун талаптарына жооп бере ала турган денгээлдеги адис болсо,стажер катары мекеме-ишканда сабактан тышкаркы убакта иштөөсүнө мүмкүнчүлүк жаратып берүүгө көмөктөштү.

2020-2021-окуу жылынын 25-февралында Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Жалал-Абад колледжинин **230109**“Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо”,220202”Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылга системалары жана башкаруу (тармактар боюнча), 111201”Ветеринария”,140112“Электр менен жабдуу(тармактар боюнча)”,140026”Электр станциялар,тармактар жана системалар”, 190604“Автомобиль унааларды техникалык тейлөө жана оңдоо “ адистиктери “Кыргызтелеком”ААКнын Жалал-Абад филиалы жана Жалал-Абад областтык китепканасы, Жалал-Абад шаардык ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча башкармалыгы,“Жалал-Абад электро”ААК, “Осмонов Раззак”ЖИ менен биргеликте меморандумга кол коюу аземи болуп өттүү. Салтанаттуу аземде студенттердин алган билими, ээ болгон компетенттүүлүгү боюнча 4 адистиктин презентациясы жана модельер-конструктор адистигинин подиуму уюштурулду. Аталган ишкана-мекемелер менен тиешелүү адистиктер боюнча окуу жайдын жетекчиси менен меморандумга кол коюлду.

Кол коюу же биргелешип иштөөнүн максаты- эмгек рыногунун суроо талаптарына ылайык келүүчү кадрларды биргелешип даярдоо. Салтанаттуу кечеде иш берүүчүлөр окуу жайыбыздын жетишкендиктери менен таанышышты жана мындан нары биргелешип иштөөнүн планы түзүлүп, студенттерге татыктуу билим берүүнүн жана иш менен камсыз кылуунун иш-чаралары мерчемделди.

Эки тараптуу кызматташуу үчүн кол коюу аземине АБРдин “Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөр” долбоорунун координатору С.З. Сейдахматова,Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун окуу иштери боюнча проректору А.П.Алибаев, Жалал-Абад областындагы өкмөттүн өкүлчүлүгүнүн жооптуу кызматкери Э.К.Бөрүбаев, шаардык мээриянын экономика бөлүмүнүн башчысы С.М.Умаров катышты жана №63,69 кесиптик-лицейдин жетекчилери да катышышты.Андан кийин калган адистиктерде дагы кол коюу аземи өткөрүлгөн.





 

2021-2022-окуу жылында окуу жайыбыз Социалдык өнөктөштөр менен иштөөнү дагы жакшыртууда окуу жылынын башталышы менен ар бир адистиктер иш-пландарына иш берүүчүлөр менен жолугушууларды ,тегерек столдорду ошондой эле конок-лекцияларды уюштурушту.Иш-планда камтылган иш-аракеттерди иш жүзүнө ашырууда ар бир адистик социалдык өнөктөштор менен тыгыз иш алып барышты.Окуу жылынын башталышы менен мекеме-ишканалар менен келишимди түзүү,мөөнөттөрүн узартуу иштери башталды.Өндүрүштүк практика учурунда студенттер мекемелерге баруу менен биргеликте иш берүүчүлөрдүн бир жылдык жана келечектеги иш-пландары менен таанышыштырылды.Студенттер түшүнбөгөн суроолору менен кайрылганда,иш берүүчүлөр мисалдар келтирүү менен суроолорго жооп беришти жана студенттер мекемеде бир жарым ай болуп,өздөрү дагы изденишип керектүү маалыматтарды топтошту.Мындан сырткары,социалдык өнөктөштөр мекеменин өзүндө тегерек столдор,диспуттар уюштурулуп,ишкананын тарыхы,азыркы учурда өнүгүү баскычтары,келечектеги пландары бонча студенттерге кеңири маалыматтарды бере алышты.






2022/3/15 12:15



Жалал-Абад колледжинин студенттери социалдык өнөктөштөр менен биргеликте иш алып барууда практика учурунда көп ийгиликтерге жетише алышты.Анткени ар бир адистик боюнча  социалдык өнөктөштөр өздөрүнө практикага барган студенттер менен алгылыктуу иштерди жеке жана жалпы алып барышты.Биздин окуу жайдын студенттери өндүрүштүк жана мамлекетик практика учурунда өздөрүнүн активдүүлүгүн,кесипке болгон кызыгуусун,ынтызарлыгын көрсөтө алышты жана социалдык өнөктөштөр жана мекеме жетекчилери тарабынан ыраазычылык каттарды алуу менен биргеликте мекемеде иштеп калуусу боюнча да сунуштар түшкөндүгүн маалымдашты.

Айрыкча,**230109**“Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо”,220202”Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылга системалары жана башкаруу (тармактар боюнча), 111201”Ветеринария”,140112“Электр менен жабдуу(тармактар боюнча)”,140026”Электр станциялар,тармактар жана системалар”, 190604“Автомобиль унааларды  техникалык тейлөө жана оңдоо “  адистиктеринин студенттери азыркы учурдагы эң керектүү жана учур талабына жооп берген адистиктерге суроо талаптар да көп экендигине  байланыштуу,ушул тармактагы адистиктердеги студенттер менен социалдык өнөктөштөр менен иштөө да учур талабы экендигин  талашсыз.

Мындан сырткары, окуу жайыбыздын 19 адистиги боюнча да социалдык өнөктөштөр менен иш алып баруу-натыйжалуу жыйынтыгын берүү менен  студенттердин тандап алган адистигине болгон кызыгуусун арттыруусуна көмөк көрсөтөрүү белгилүү болду.Анткени,ар бир адистик боюнча социалдык өнөктөштөр адистиктин  баалуулугу,коомдогу алган орду,азыркы учурдун талабына жооп бергендиги менен өзгөчөлөнгөндүгүн бөлүп көрсөтүү менен иш алып баруусу  керек.




МЕНИН
СУЛУУ
АПАКЕМ

.




TESY





Мындан сырткары,иш-планда көрсөтүлүп,графикте бекитилгендей, ар бир адистик боюнча мекеме-ишканалардан социалдык өнөктөштөр(иш берүүчүлөр) лекторлор келип,адистиктер боюнча лекцияларды окушту.Мында ар бир адистик боюнча келген лекторлор өздөрү берген темалар боюнча лекцияларды окушту жана студенттердин суроолоруна жооп беришти. Электр менен камсыздоо адистигинин студенттери үчүн Жалал-Абадэлектро ААКнун ыкчам тескөө бөлүмүнүн башчысы А.А.Бокошов“Кыргызстандын электр энергиясынын өнүгүүсү”деген темада лекция өтүп,азыркы учурдагы электр энегиясына болгон суроо-талаптар ,электр энергиясынын өнүгүүсү боюнча проритеттүү пландар боюнча маалыматтарды берип,студенттердин сурооолоруна жооп берди.





Ал эми “Автомобиль унааларды техникалык тейлөө жана оңдоо “ адистиги боюнча Жалал-Абад шаардык ич ки иштер бөлүмү боюнча ЖККБнын улук инспектору, милициянын улук лейтенанты Маматов Урматбек Абдуллаевич “Жол кыймылынын коопсуз дугун жана эрежелерин бузуу боюнча анализдөө.(Кыр гыз республикасы жана Жалал-Абад шаарынын мисалында).Бул лекцияда У.А.Маматов “Автомобиль унааларды техникалык тейлөө жана оңдоо “ адистигинин студенттерине жол кыймылынын коопсуз дугун туура сактоону жана жол эрежелерин бузбоо жөнүндө маалыматтарды берди жана студенттер кызыккан суроолорго жооп берди.Жыйынтыгында социалдык өнөктөшүбүзгө окуу жайдын жетекчилиги тарабынан ыраазчылык кат тапшырылды.

 

Ал эми “Ветеринария” адистиги боюнча Жалал-Абад шаардык ветеринардык жана фитосанитардык башкармалыгынын башчы сы Шерматов Нурлан Токтакунович “Антрпозоондук ылаӊдар” деген темада студенттерге маалыматтар берилди.Бул лекцияга студенттер менен биргеликте орто жана жогорку окуу жайдын окутуучулары да катшышты.Мында иш берүүчү ветеринария адистигинде билим алып жаткан студенттерибиз ушул мекемед өндүрүштүк жана мамлекеттик практикаларын жогорку деӊгээлде өтөшкөндүгүн жана өздөрү үчүн көп пайдалуу маалыматттарды алгандыгын,мыкты практика өтөгөн студенттерди бөлүп көрсөтө алды.Азыркы учурда Кыргызстанда эл чарбачылыг жакшы жолго коюлгандыктан,айыл жергесинде ветеринария адистигинин таӊсык болуп жаткандыгы боюнча да баса белгиледи.





Ата-энелер окуу жайдын өнөктөшү катары окуу жайдын өнүгүшүнө салым кошо тургандардын талкулоо жана уул,кыздарынын тандаган кесибинин татыктуу ээси болуу үчүн өздөрүнүн ролун аныктоо катарында ар дайым окуу жай менен тыгыз иш алып баруусу зарыл.Ошондуктан, окуу жайыбыз ата-энелер менен тыгыз иш алып барышат.Жыл башында пландаштырылгандай,ар бир адистиктин ар бир курсунда кураторлор тарабынан ата-энелер жыйналышы уюштурулат.Мында ата-энелер окуу жайда билим алып жаткан уул,кызынын окуудагы жетишкендиктери,тарбиясы,коомдук иштерге катышуусу боюнча маалыматтарды алып турушат.Окуу жайда жалпы ата-энелер жыйналышы бир жылда эки жолу өткөрүлөт.Мында ата-энелерге окуу жайдагы жетишкендиктер,ийгиликтер жөнүндө маалыматтар берилет жана ата-энелер тарабынан айтылган сунуштар да кабыл алынат.Жыйналштын жыйынтыгында,окуу жайдын жетекчилиги тарабынан окуу жай менен тынымсыз байланышшып,иш-чараларга активдүү катышкан ата-энелерге ыраазычылк каттар берилди.Жаңы окуу жылында да ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу,сунуштар,ой-пикирлер айтылып,салт болуп калган ата-энелер жыйналышы келерки окуу жылында да өз нугунда улантылышы жөнүндө ойлор айтылды.








Жалал-Абад колледжинин жамааты жаңы окуу жылында социалдык өнөктөштөр менен иш алып баруунун пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүү менен социалдык өнөктөштөрдү региондон тышкары,башка областтар жана республикалык деңгээлде көбөйтүү планын койдук.